/

«Макулдашылды»
ОшМЮИнин илимий иштери боюнча проректору,
т.и.д., профессор Б.К. Абытов

_______________

«____»__________2018-ж

«Бекитемин»
ОшМЮИнун ректору, ю.и.к.,
профессор Э.С.Токторов

_______________

«____»__________2018-ж

**ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН 90-ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИН УЮШТУРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА ОШ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК ИНСТИТУТУНУН АЛКАГЫНДА 2018-19-ОКУУ ЖЫЛЫНДА ӨТКӨРҮЛҮҮЧҮ ИШ –ЧАРАЛАРДЫН**

**ПЛАНЫ**

Ош мамлекеттик юридикалык институтунун эмгек жамааты жана студенттери аталган маарекеге карата 2017-жылдын 27-октябрында Кыргыз Республикасынын Президентинин **«Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнүн 90 жылдыгын майрамдоо»** тууралуу жарлыгынын, КР ББИМ 2018-жылдын 16-февралындагы №184/1 **«Чыңгыз Айтматовдун 90-жылдык мааракесин уюштуруу жана өткөрүү боюнча буйругун»**, КР Өкмөтүнүн Ош облусун-дагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2018-ж. 28-августундагы №592-б **«Ош облусунун аймагында «Ч. Айтматов жана тил»** аттуу фестивалды өткөрүү тууралуу буйругун, Ош шаардык мэриясынын 2018-ж. 17-сентябрындагы №231 **«23-сентябрь - Мамлекеттик тил күнүн өткөрүү»** жөнүндөгү атайын буйругуна шайкеш болгон **«Эне тил жана Ч.Айтматов» 2018-жылдын 17-сентябрынан 17-декабрга чейин мамлекеттик тилдин 3 айлыгын** өткөрүү тууралуу буйруктарына ылайык ОшМЮИде Ч. Айтматовдун 90 жылдык мааракесине карата ар түрдүү иш чараларды өткөн жылдагы улуу жазуучунун туулган күнүнөн баштап эле өткөрүлө баштаган жана иш аракеттер улантылууда.

Иш чаралар негизинен Ч. Айтматовдун чыгармаларын даңазалоого, жаштар арасында кеңири пропагандалоого,

Ч. Айтматовдун чыгармалары аркылуу жаш муундарга улуттук маданиятыбызды, тилибизди үйрөтүүгө, келечек муундагы жаш адистерге мамлекеттик тилде эркин сүйлөөсүнүн сапатын жакшыртууга багытталган.

2018-19-окуу жылында жогоруда аталаган мааракенин алкагында ОшМЮИде өткөрүлүүчү иш–чаралар ар тараптуу жана мазмундуу аракеттерди камтыйт. Иш чаралар **2018-жылдын сентябрь-декабрь** айларында жалпы института, ар бир факультеттерде жана кафедраларда иштиктүү жана натыйжалуу түрдө уюштурулат.

| №<br>№ | *Иш чаралардын аталышы* | *Жооптуулар* |
|---|---|---|
| 1. | Кыргыз Республикасынын Президентинин **«Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнүн 90 жылдыгын майрамдоо»** тууралуу 2017-жылдын 27-октябрында жарлыгынын, КР ББИМ 2018-жылдын 16-февралындагы №184/1 **«Чыңгыз Айтматовдун 90-жылдык мааракеснн уюштуруу жана өткөрүү боюнча буйругунун»**, КР Өкмөтүнүн Ош облусунндагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2018-ж. 28-августундагы №592-б **«Ош облусунун аймагында «Ч. Айтматов жана тил»** аттуу фестивалды өткөрүү тууралуу буйругунун, Ош шаардык мэриясынын **«23-сентябрь Мамлекеттик тил күнүн өткөрүү»** жөнүндөгү атайын буйругуна шайкеш болгон **«Эне тил жана Ч.Айтматов» 2018-жылдын 17-сентябрынан 17-декабрга чейин мамлекеттик тилдин 3 айлыгын** өткөрүү тууралуу буйруктун маани-маңызын эмгек жамаатына жана студенттерге кеңири түшүндүрүү. | **Ректорат, декандар, кафедра башчылары** |
| 2 | ОшМЮИнин алкагында **«Чыңгыз Айтматов бурчун түзүү»** | **Библиотека башчысы** |
| 3 | **«КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЗАЛКАР ЖАЗУУЧУСУ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ – ААЛАМДЫН ЧЫГААН КАЛЕМГЕРИ, МЫКТЫ СҮРӨТКЕРИ»** - аттуу студенттердин, ОПК биргелешкен чөлкөмдүк илимий-практикалык конференңиясын уюштурууу. | **Ректорат, декандар тилдер кафедрасы** |
| 4 | Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын, алардагы негизги идеяларды, аларда чагылдырылган | **Ректорат, декандар,** |

| | | |
|---|---|---|
| | коомдогу көйгөйлүү маселелерди ОшМЮИнин эмгек жамаатында, студенттер арасында кеңири пропагандалоо. | **кафедра башчылары, ОПК** |
| 5 | **«Эне тил жана Ч.Айтматов»** темасында ачык сабактарды, атайын лекцияларды, тегерек столдорду, талкууларды уюштуруу. | **Декандар, тилдер кафедрасы** |
| 6 | Мамлекеттик тилдин 29 жылдыгына карата **«Кыргыз тили кылымдарды карыт-кан, эч ким аны өчүро албайт тарыхтан»** - аттуу адабий музыкалуу кечелерди уюштуруу. | **Декандар, тилдер кафедрасы** |
| 7 | ОшМЮИнин окутуучулары жана студенттери арасында мамлекеттик тилде **"Мамлекеттик тилде иш кагаздардын жүргүзүлүшү", "Сабаттуу жазалы "** - аттуу атайын акцияларды өткөрүү. | **Декандар, тилдер кафедрасы** |
| 8 | **«Кыргыз тили – улут уюткусу, улуттук маданияттын жүзү»** - аттуу адабий, илимий иш чараларды, тегерек столдорду, талкууларды уюштуруу. | **Декандар, тилдер кафедрасы** |
| 9 | **«Чынгыз Айтматов – дүйнөлүк адабияттын, маданияттын символу»** аттуу эскерүү, адабий- музыкалык кечелерди уюштуруу. | **Декандар, тилдер кафедрасы** |
| 10 | **«Ч. Айтматов ааламдык дааныштуу калемгери»** - аттуу студенттер, ОПК арасында баяндамаларды, эсселерди жазууну уюштуруу. | **Декандар, тилдер кафедрасы** |
| 11 | **Эне тили жөнүндөгү Чынгыз Айтматовдун мурастарын** даңазалоо, дубал гезиттерди, атайын баннерлерди уюштуруу. | **Декандар, тилдер кафедрасы** |
| 12 | **«ААЛАМ АДАБИЯТЫНЫН АЛПЫ - ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ»** - аттуу студенттер арасында акыл таймаштарды өткөрүү. | **Декандар, тилдер кафедрасы** |

| | | |
|---|---|---|
| 13 | XX-XXI кылымдын залкар жазуучусу, руханий дөөлөтү, дүйнө маданиятына эмгеги сиңген инсан, чыгармачылыгы кылымда сейрек жаралган, өзгөчө феномен, дүйнөлүк маданияттын символу Чыңгыз Айтматовдун 90 жылдыгына карата анын бейнесине, чыгармачылыгына арналган дубал гезиттерди, жазуучуга тиешелүү илимий жана көркөм адабияттардын, буклеттердин көчмө көргөзмөсүн, жазуучунун өзү жана чыгармачылыгынын негизинде тартылган аудио-видео тасмалардын (слайддардын) көргөзмөлөрүн уюштуруу. | **Декандар, тилдер кафедрасы, библиотека башчысы** |
| 14 | Ч Айтматовдун чыгармалары, анын эне тили тууралуу эмгектери боюнча студенттер арасында ар түрдүү, акцияларды, сынактарды уюштуруу | **Декандар, тилдер кафедрасы** |
| 15 | **"Улуттук тилге урмат - улутка, элге урмат"** аттуу тегерек столдорду уюштуруу | **Декандар, тилдер кафедрасы** |
| 16 | Улуттун уюткусу болгон **«Манас»** эпосу, манасчылар жөнүндө Ч.Айтматовдун пикирлери, чыгаан манасчы **Сагынбай Орозбак уулу** тууралуу атайын сабактарды, лекцияларды, талкууларды уюштуруу. | **Декандар, тилдер кафедрасы** |
| 17 | Дүйнө элдеринин маданиятындагы кыргыз элинин чыгаан уулу Ч.Айтматовдун тубаса, кайталангыс таланты, чыгармаларынын улуулугу, аскадай бийик руханий дүйнөсү, терең мааниге ээ болгон баалуу, касиеттүү сөздөрү менен кыргыздын, дүйнөнүн маданий руханий ааламын бийикке көтөргөн Ч.Айтматовдун мурастары, чыгармачылыгы менен студенттерди, ОПК кеңири тааныштыруу, пикир алмашуу аркылуу алардын руханий деңгээлин тактоону уюштуруу. | **Декандар, тилдер кафедрасы** |
| 18 | **«Чынгыз Айтматов жаиа менин дүйнөм» -** аттуу ОшМЮИнин ОПК жана студенттери арасында атайын эсселердин, баяндамалардын, билдирүүлөрдүн конкурсун уюштуруу. | **Декандар, тилдер кафедрасы** |